Кимде-ким ар бир парз намазынан кийин "Аят ал-Курси" деген аятты окуп жүрсө, анын бейишке кирүүсүн өлүмү гана тосуп турат

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким ар бир парз намазынан кийин "Аят ал-Курси" деген аятты окуп жүрсө, анын бейишке кирүүсүн өлүмү гана тосуп турат".

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه النسائي في الكبرى]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намаздан кийин "аят ал-Курсини" окуп жүргөн адамды өлүм эле бейиштен тосуп турарын айткан. Бул аят Бакара сүрөөсүнүн ичинде. Ал аятта Аллах минтип айткан: "Аллахтан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок. Өзү гана бар. (Ал) - түбөлүк Тирүү, ар нерсени башкарып Туруучу. Аны үргүлөө да, уйку да кармабайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында Анын уруксаты болмоюнча эч ким (эч кимге) шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын (бардык макулуктардын) келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми алар болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын курсийи асмандар жана жерден да кенен. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Аны такыр чарчатпайт жана Ал - эн Жогорку жана эн Улук!" (Бакара, 255-аят).

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/10950